**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
## БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXIV СЕССИЯСЫ

**2026-жылдын 18-июну айы №117**

**Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык” муниципалдык ишканасынын акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнө карата нарк эсебин (прейскурант) бекитүү жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 19-майындагы №01-13/2289 кайрылуусунун негизинде, шаардык кенештин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык” муниципалдык ишканасынын атайын техникалардын акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнө карата нарк эсеби (прейскурант) №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “ Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык ” муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлүүчү био-туалеттин акы төлөнүүчү тейлөө кызматына карата (прейскурант) нарк эсеби №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Балыкчы шаардык Кенешинин 2022-жылдын 21-декабрындагы XIII-сессиясынын “Балыкчы шаар мэриясынын алдындагы “Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык” муниципалдык ишканасынын унаа тейлөө кызмат көрсөтүүлөрүнө карата нарк эсеби ( прейскуранты ) жөнүндө” №6 токтомдору жокко чыгарылсын
4. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.
5. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1, обл юстиция-1